УДК 78.081.

**Мамытова Айзат Жумагазиевна, Жумагазы кызы Элизат**
И.Арабаев атындагы КМУнун көркөм маданият жана билим берүү факультетинин музыка кафедрасынын окутуучусу,
И.Арабаев атындагы КМУнун көркөм маданият жана билим берүү факультетинин музыка бөлүмүнүн магистранты
**Мамытова Айзат Жумагазиевна, Жумагазы кызы Элизат**
преподаватель кафедры музыки факультета художественной культуры и образования КГУ им.И.Арабаева,
магистрант кафедры музыки факультета художественной культуры и образования КГУ им.И.Арабаева
**Mamytova Aizat Zhumagazievna, Zhumagazy kyzy Elzat**
music departmet teacher of faculty of Arts culture and Education I.Arabaev KSU,
Graduate in the department of music of faculty of Arts culture and Education I.Arabaev KSU

# КЫРГЫЗДЫН ЗАЛКАР КОМУЗЧУЛАРЫ ЖАНА КҮҮЛӨРҮ

# ИЗВЕСТНЫЕ КЫРГЫЗСКИЕ КОМУЗИСТЫ И ИХ МЕЛОДИИ

# GREAT KYRGYZ KOMUZISTS AND THEIR MUSIC

**Аннотация:** макалада кыргыз элинин муундан-муунга өтүп келе жаткан комуз күүлөрү жана аларды жаратып, чебер аткаруулары менен элге жеткирип келе жаткан залкар комузчулар Т.Сатылганов, К.Орозов жөнүндө бяндалат. Ошондой эле алардын черткен күүлөрү айтылат.

**Аннотация:** В статье показано зарождение и развитие кыргызской музыки и его исполнение на комузе известными-мастерами комузистами Т.Сатылгановым и К.Орозовым. А также в статье рассматриваются различные методы их исполнения мелодий.

**Annotation:** This artile talks about great komuzists such of T.Satylganov and K.Orozov in their music. We will also talk about the music they played.

**Түйүндүү сөздөр:** залкар күүлөр, түгөнгүс казына, тоо булбулу, аспаптык музыка, ат салдырбаган талант, көркөм, сулуулук.

**Ключевые слова:** классические кюи, золотые сокровище, инструментальные музыки, талантливый, художественное, красота.

**Key word:** great works, endless, walth, beauty, art and about talent.

Кыргыз элинин улуттук күүлөрү – элдин маданиятын, дүйнөгө көз карашын, турмуш тиричилигин, тарыхын, элдик жана эстетикалык идеяларын чагылдыруучу баа жеткис мурас. Анын тамыры байыркы замандан башталат. Кыргыз күүлөрү жөнүндөгү алгачкы жазма бир катар адабияттарда кездешет. Ошону менен катар муундан муунга өткөрүп, көөнөрбөс күүлөрдү өчүрбөй, бүгүнкү күнгө чейин обонунан жазбай сакталып келүүсүнүн себепчилери кыргыз аспаптык музыкасынын тарыхында калк арасында ысымдары сакталып калган XIX кылымдагы элдик музыканттар: Тилен, Тойкожо, Сыртпай, Ниязаалы, Белек, Күрөңкөй ж.б. жолун улантуучулар болуп Октябрь революциясынын бурулуш жылдарында Токтогул, Мурataалы, Карамолдо, Ыбырай, Атайга окшогон залкар таланттар чыгышкан. Булардын ичинен музыкалык маданиятыбызда өзүнүн кайталангыс таланттуулугу менен төкмө акын,

комузчу, куудул, ошол кездеги замандаштарынын берген наамы боюнча «тоо булбулу» атыккан Токтогул Сатылган уулу (1864 - 1933) көч башында турат.

Улуу талант азыркы Жалал-Абад обулусуна караштуу Кетмен-Төбө өрөөнүндө колунда жок жатакчы дыйкан адамдын үй-бүлөөсүндө туулган.

Анын талантынын такшалышына энеси Бурма себепчи болгон. Бурма эне кошокчу, жамакчы, сөзмөр адам болгондуктан жаш кезинен эле Токтогул элдик фольклордун кучагында жетилген. Оозеки элдик адабияттын түгөнгүс казынасы элдик ырларды, жомокторду дастандарды жана комуз күүлөрүн айыл арасындагы аш - тойлордон кулагы менен угуп, аткаруучуларын көзү менен көрөт. Көңүлүн аларга байлап, сүйүүсүн арттырат. Дээринде бар улан өзү теңдүү жаштар арасында шайырлыгы менен эл көзүнө эрте илинип, айыл ичине комуз чертип, ырдап жанын багууга жараган.

Токтогулдун көп кырлуу талантынын ичинен биз анын комузчулук өнөрүнө байкоо салып, калтырган мурастарына кайрылсак анын бул өнөрү акындык өнөрүнөн ашса ашкан, бирок кемибеген кудуретке ээ экендигин көрөбүз. Токтогул Сатылган уулунун А.В.Затаевич жазып алган жана шакирттери аркылуу бизге жеткен къълёрънън саны жүзгө чамалап барат. Ал ошол эле учурда Орус, Өзбек, Казак, Тажик туугандардын музыкасын элдик аспаптарында ойной билген. Ал эми комузчу катары замандаштарынан айырмачылыгы лирикалык, айтым күүлөрдүн устаты болгон. Анын күүлөрүнүн дээрлик көпчүлүгү акындык талантынын үзүрү катары ыр менен кошумчаланып, айтым күүлөрдүн галареясын толуктаган.

Токтогулдун күүлөрүн жанрлар боюнча бөлүп карасак, репертуарында Камбаркан, Ботой, Шыңгырама, Кербездердин ар биринен түрлүү варианттагы күүлөр кездешсе дагы, анын чыгармачылыгында «Кербез» күүлөрү музыкалык өнүгүүнүн жогорку чегине жеткендиги, түркүн мүнөздүүлүгү менен айырмаланып турат.

Алсак: «Бала кербез», «Мырза кербез», «Чоң кербез», «Сылама кербез», «Бополоң кербез», «Келгендеги кербезим», «Арман кербез» ж.б.

Токтогул жогоруда биз сөз кылгандай айтым күүлөрдүнн устаты. Ал эми бул күүлөр элдик музыкада эл массасына жеткиликтүүлүгү менен айырмаланып, аткаруучудан бир эле убакта: комузчулукту, ырчылыкты, куудулдукту айкалыштыра пайдаланган чоң чеберчиликти талап кылат. Бул багытта Токтогул алдына ат салдырбаган талант экендигин эч ким тана албас.

Мисалга анын кербездеринин ичинен «Келгендеги кербезим» деген күүсүн алсак: Токтогул бул күүнү аткараарда өзүнүн өмүр баянына токтолуп, Сибирге сүргүнгө барганынан, андагы окуялардан баяндап, олтурган элдин көңүлүн топтоп туруп, « - Ээ агайын туугандар, мен эми ошол айдоодон келгендеги кербезимди чертип берейин, - деп баштоочу экен. Алгач комузду ойкуштата үч – төрт кайрып чертип келип:

«Элден бөлүп башымды айдаганда кербезим,
Эки көзүм чачырап жайнаганда кербезим,
Эсен бол кыргыз көп эл деп, сайраганда кербезим.
Боз тоголок бүргөлөр чаккандагы кербезим,
Боздоп ыйлап түрмөдө жаткандагы кербезим,
Боору ооруп Барышня баккандагы кербезим,
Кербезим ай, кербезим…» - деп бирде ырдап, бирде комузун сыздатып, «Тоо булбулунун» тили менен керемет музыка күчү айкашып уккан элди тамшанткан касиетке ээ болгон. Токтогул Сатылгановдун аткаруучулук жөндөмдүүлүгүн талап кылган күүлөрдүн бири анын «Ак куу» күүсү. Күү автордун өзүнүн аткаруусунда көрүүчү, угуучуга кандайдыр

чакан, турмуштук күлкүлүү эпизодду элестетет. Күүнүн жүрүшүндө ал көлдө бейкапар сүзгөн ак кууну, анын үн салганын, ошол убакта өңүп келип көйрөң чалыш мергендин шыкаалап атып жатканын, мылтыктан ок чыкканын, сөөмөйү менен капкакты «тарс» дедире чертип, ок тийбей калган ак куунун учуп кетип мергендин асманды карап аңкайып калганын дал өзүндөй күлкүлүү кылып аткарып берген. Мындай күү уккан элдин жүрөгүндө сакталып, улам-улам угууга куштарланткан. Токтогул бул күүсү аркылуу сулуулуктун, сүйүүнүн, бейкуттуктун символу катары эсептелген ак кууну жана ага кара санатайлык менен ок аткан мергендин образын түзүп, табигат берген көп кырдуу талантын пайдалана жаратылышты сүйүүгө, коргоого үндөгөн.

**Карамолдо Орозов (1883-1960).** Кыргыз комузчулук өнөрүндөгү көөнөргүс таланттардын ичинен «комуз чертүүнүн атасы», - деген наамга татыктуу болгон айтылуу залкар Карамолдо Орозов 1883 - жылы Ысык-Көл районунуна караштуу Корумду айылында туулган. Карамолдонун азан чакырылып коюлган аты Токтомамбет. Жаш кезинде кат таанып үчүн айылдык молдодон арабча окуп, сабатсыздыгын жойгон. Ал кездеги кат тааныган адамды молдо деп коюшкан. Өзү кара тоголок бала болгондуктан бара-бара Карамолдо деген атка конгон. Келечектеги залкар таланттын атасы Ороз айылга белгилүү комузчу болгондуктан баланын жаш кезинен эле комузга дилгирлигин байкап, ага таалим берүү камын көргөн. Эл чогулган жерде, комуз чертилген аш - тойлордо ала жүрүп талантын таптаган. Карамолдо 12 жашка келгенде «Калмак бий», «Эски күү», «Камбаркан» ж.б. күүлөрдү кадимкидей чертип калат. «…Мезгил өткөн сайын анын ички музыкалык дүйнөсү кеңейип, байыркы аспапка болгон ышкысы баштагыдан да эки эсе артат. Элдик салт күүлөр «Камбаркан», «Ботой», Кербездердин» түркүн үлгүлөрүн чертет. Карамолдо аларды аткаруу менен бирге абалтан шайырларыбыздын чыгармачылыгына салт катары тараган ар бир күүнүн эмнеге арналып чыгарылган тарыхын кызыктуу, образдуу көркөм сөз менен чечмелеп айтып чертүүнү да үйрөнөт. Бул биринчиден тигил же бул күүнүн угуучуларга тез кабыл алынышына жол ачса, экинчиден элдин күүгө болгон урматы арткан. [Б. А. Кырг. М. Т. Мектеп 1989. 94 б.]

Жаратылышынан өзү токтоо, айкөл мүнөз, куулук - шумдукту билбеген чыканактай сыпаа адам Карамолдонун күүлөрү да өзүнө мүнөздүү залкарлыкты камтыган. Негизинен улуу талант күүнүн ички маани - маңызына көңүл бурган. Тилекке каршы комуз күүлөрүн изилдөө башталгандан бери ушул кезге чейин, өзгөчө сырттан келген адамдарга комузчулук өнөрдү көргөзүүдө шайыр күүлөргө көңүл бурулуп, кол ойнотмо, айтым күүлөрдү көбүрөөк пропагандалоо менен көпчүлүк чет эл адамдарына комузчулукту жана комуз күүлөрүн көңүл ачуу, тамаша кылуу үчүн гана черткендей кабыл алышкан. Ал эми Карамолдонун чыгармачылыгында андай ойкуштантуу күүлөргө жеңил желпилик боёк берүү дээрлик кездешпейт. Ага мисал катары белгилүү музыка изилдөөчү А. Затаевичтин, Карамолдо жөнүндө эскерүүсүн алсак болот: «…Карамолдо комуз чертип жатканда ойкуштанта кол ойнотуп, кандайдыр бир фортелди көргөзө калып жана ошонусу менен угуучуларга жылмаю тартуулап күлдүрө калайын дегенин элестетүү да кыйын. Ал бардык учурда өзүнө мүнөздүү болгон токтоолукту, салабаттуулукту сактай, кээде гана чертип жатып чыгармачылык дараметинде катылып жаткан албуут темпераментти, аста байкатып, өнөр чабытында такшалган чеберчилиги менен кайрыктарда кездеше калчы айрым татаалдыктарды жеңил желпи жеңип өтөөр эле… (В. Виноградов.Кирг. н. м. 191.б).

Карамолдонун күүлөрүнүн көпчүлүгү программалуу келип, элибиздин турмушу менен тыгыз байланышкан. Алсак: «Сынган Бугу», «Көкөй кести», «Сыздат», «Койчулардын коңур күү», «Кешпир», «Бек Арстан - Тайчи» ж. б. классикалык күүлөрүндө кыргыз элинин

башынан өткөн оор турмушту чагылдырып, алыскы жылдыздардан түшкөн алсыз шооладай бүлбүл жанып - өчүп бизге жеткен жалгыз кайрык обон - күүлөрдү ийине жеткирип, тематикалык жактан өнүктүрүп, өзүнчө бүтүн чыгарма катары калкына тартуу кылды.

Дагы бир айта кетчү нерсе А. Затаевичтин эскерүүсүндө: «…Өзгөлөрдөн өзгөчөлөнткөн дагы бир айырмасы ал (Карамолдо Б.А.) тигил же бул чыгармасын өзүнөн жазып алсаң да автору менмин деп эч жерде белгилеп айтпаган жана күүлөрүнүн атына өзүнүн ысымын койбогон…

«…Күү элдики, биз жөн гана аткаруучубуз, - деп коё турган. Карамолдо бул айткан сөзүн өмүр бою өзүнүн принциби катары кармап келген.

Жергебизге Совет бийлиги орноп, элге эркиндик теңдик берилип, эмгекчил эл эмгегинен баар таап, турмуш тиричилигине ирденүү киргенин байкаган таланттын чыгармачылыгында да жаңы өзгөрүү пайда болуп, турмуш ыргагына шайкеш: «Салтанат шыңгырама», «Колхоз Камбаркан», «Терме Камбаркан» ж.б. деген күүлөрдү жаратат. Карамолдонун жогорудагыдай эмгеги өкмөт тарабынан жогору бааланып, 1935 - жылы Кыргыз ССРинин эл артисти деген наамга татыктуу болот. Бул наам талантты табына келтирип, сүрөөнгө алынган күлүктөй чыгармачылык эргүү жаратат.

Белгилүү музыка изилдөөчү Б.Алагушев К.Орозов жөнүндө: «…Карамолдо комуздагы техникалык, добуштук каражаттардын бардык мүмкүнчүлүктөрүн чып - чыргасын калтырбай пайдаланган. Анда комузда ойноонун түркүн кереметтери мол. Ошонун бири оң колду кагуу (чертүү) ыкмасы. Ал ар бир күүнүн маңызына жараша адамдын акылы жетпей турган бөтөнчө ыкмаларды, өзгөчө штрихтерди таап аткараар эле. Ошондо беш манжадан беш бөлөк кубулжуган сыйкырдуу добуштар жамырап төгүлүп, алар угуучуларга Карамолдо эмес, кандайдыр бир симфониялык добуштар ойнолуп жаткандай туюлчу», - деп эскерет. Улуу таланттын урпактарга мурастаган комуз күүлөрү кыргыздын профессионалдык музыкасынын өнүгүшүнө зор салымын кошууда. Анын классикалык күүлөрү кыргыздын алгачкы музыкалык спектаклдеринен тартып бүгүнкү симфонияларына чейин кеңири пайдаланылууда. (К.М. күүлөрү 15 - 16. Б).

Мына ушундай салымдарына таянып, Карамолдо, Токтогул ж.б. залкар таланттарыбыз калтырып кеткен күү казынасы калкыбызга кылымдар бою кызмат кыла берээрине шексиз ишенебиз.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Алагушов Б, Койгелдиева Т, Турдумамбетова Ш. Кыргыз музыкасынын тарыхы. - Фрунзе «Мектеп» - 1989
2. Алагушов Б. Кыргыз комузчулары жана комуз къълёръ. - Фрунзе,1961.
3. Асан Кайбылда уулу. Күү баяны. Бишкек 2000


**Рецензент: И. Арабаев атындагы КМУнун музыка кафедрасынын доценти, композитор Бөдөшов А.**